Долбоор

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНИН ТОКТОМУ**

**Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Улуттук госпиталды каржылоонун жаңы ыкмасына которуу сынамык долбоорун жүргүзүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын калкына көрсөтүлүүчү медициналык жардамдын сапатын жакшыртуу максатында, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн калктын саламаттыгын коргоону жана саламаттык сактоо тутумун өнүктүрүү боюнча «Дени сак адам – гүлдөгөн өлкө» программасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 20-декабрындагы № 600 токтомун аткарууга алып, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Конституциялык Мыйзамынын 13 жана 17-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1.Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Улуттук госпиталды үч жылдын ичинде каржылоонун жаңы ыкмасына которуу боюнча сынамык долбоор жүргүзүлсүн.

2.Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги:

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Улуттук госпиталдын Уставын белгиленген тартипте каржылоонун жаңы ыкмалары боюнча жоболорду эске алуу менен жаңы редакцияда иштеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин кароосуна киргизсин;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 20-ноябрындагы №790 “Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасы жөнүндө” токтому менен бекитилген Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасынын (мындан ары – Мамлекеттик кепилдиктер программасы) көлөмүнөн жогорку көрсөткүчтөр боюнча медициналык кызматтардын жана жогорку технологиялык медициналык кызматтардын тизмегин аныктасын.

3. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду:

- эки айлык мөөнөттө 2023, 2024 жана 2025-жылдарга Улуттук хирургиялык борбор тарабынан Кыргыз Республикасынын жарандарына Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча

Кыргыз Республикасынын
Саламаттык сактоо министри
___________Г.М. Баатырова
«_____» ___________2023-ж.

мамлекеттик кепилдиктер программасына ылайык көрсөтүлүүчү медициналык кызматтардын көлөмүн аныктасын;

- 2023, 2024 жана 2025-жылдарга Улуттук госпиталга Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасын аткаруусу үчүн, клиникалык-диагностикалык жана консультативдик бөлүмдөрдү каржылоо боюнча чыгымдарды эске алуу менен ар жылдык каржылоо өлчөмүн аныктасын.

4. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Улуттук госпиталы:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы № 637 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр (иштер) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоонун тартибине ылайык, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы менен макулдашуу менен медициналык-санитардык жардамдарды көрсөтүү боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасында көрсөтүлгөн көлөмдөн жогорку көрсөткүчтөр боюнча акы төлөнүүчү медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн жана жогорку технологиялуу медициналык кызматтардын бааларынын прейскурантын (тарифтерин) иштеп чыксын жана бекитсин;

- Жарандарды медициналык-санитардык жардам менен камсыздоо боюнча мамлекеттик кепилдиктер программасы боюнча КР ССМга караштуу ММК фонду менен макулдашылгандан ашык төлөнүүчү медициналык кызматтарды көрсөтүү ишин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 3-июнундагы №303 токтому менен бекитилген Мамлекеттик органдар, алардын түзүмдүк бөлүмдөрү жана аларга караштуу мекемелер тарабынан физикалык жана юридикалык жактарга көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын стандарттарына ылайык уюштурсун;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги менен макулдашуу боюнча Мамлекеттик кепилдиктер программасынын көлөмүнөн ашык көрсөткүчтөр боюнча акы төлөнүүчү медицина кызматтарын жогорку технологиялык медицина кызматтарын көрсөтүү жобосун иштеп чыксын жана бекитсин;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги менен макулдашуу боюнча Мамлекеттик кепилдиктер программасынын көлөмүнөн ашык медициналык кызматтарды жана жогорку технологиялык медициналык кызматтарды көрсөтүүчү кызматкерлердин штаттык тизимин жана эмгек акыларына кошумча төлөмдөрдү өз алдынча түзүүгө уруксат берилсин;

- Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы менен макулдашуу менен акы төлөө негизинде шашылыш консультативдик медициналык жардам (санавиация) кызматтарын көрсөтсүн.

5. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Улуттук госпиталь жогорку технологиялуу медициналык кызматтар боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү жүргүзүү үчүн адистерди жана эксперттерди контракттык негизде ишке тартууга укуктуу деп белгиленсин.

6. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Улуттук госпиталга жогорку технологиялуу медициналык жабдууларды жана чыгымдалуучу материалдарды сатып алууга 357 000,0 миң сом өлчөмүндөгү каржы каражаттарын 2023-жылга бөлүп берсин.

7. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги сынамык долбоордун аяктаганына эки ай калганча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине Кыргыз Республикасынын үчүнчү деңгээлдеги саламаттык сактоо уюмдарын мындан ары да реформалоо боюнча сунуш киргизсин.

8. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин, Министрлер Кабинетинин жана Президенттин Администрациясынын чечимдеринин аткарылышын контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

9. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А. Жапаров**

Кыргыз Республикасынын
Саламаттык сактоо министри
___________Г.М. Баатырова
2023-ж. «_____» ___________